Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2019-жылдын III чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчалардын коммерциялык банктардын кассасына кайтарымдуулугу 2019-жылдын III чейрегинде 99,0 пайызды түзүп, 2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өзгөрүүсүз калган (2018-жылдын III чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,0 пайызды түзгөн).

***1-таблица.***

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы

*(млн сом)*

| **Региондун аталышы** | **Келип түшүүлөр** | | **Берүүлөр** | | **Кайтарымдуулук, %** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-ж. III чейреги** | **2019-ж. III чейреги** | **2018-ж. III чейреги** | **2019-ж. III чейреги** | **2018 –ж. III чейреги** | **2019-ж. III чейреги** |
| **Бардыгы болуп:** | **427 945,5** | **537 611,4** | **432 170,6** | **543 143,9** | **99,0** | **99,0** |
| Бишкек ш. | 199 596,1 | 277 764,4 | 196 698,5 | 273 915,0 | 101,5 | 101,4 |
| Ош ш. | 55 649,1 | 62 443,6 | 57 060,8 | 65 124,7 | 97,5 | 95,9 |
| Чүй областы | 40 492,6 | 44 012,1 | 40 390,8 | 43 945,4 | 100,3 | 100,2 |
| Ысык-Көл областы | 26 497,1 | 30 035,6 | 27 246,3 | 30 910,6 | 97,3 | 97,2 |
| Талас областы | 8 436,4 | 11 060,7 | 9 607,2 | 12 518,1 | 87,8 | 88,4 |
| Нарын областы | 9 720,0 | 10 747,6 | 10 575,7 | 11 260,4 | 91,9 | 95,4 |
| Ош областы | 22 608,1 | 25 039,5 | 22 641,1 | 24 912,8 | 99,9 | 100,5 |
| Жалал-Абад областы | 44563,4 | 53756,6 | 47564,4 | 57815,1 | 93,7 | 93,0 |
| Баткен областы | 20 382,7 | 22 751,3 | 20 385,8 | 22 741,8 | 100,0 | 100,0 |

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2019-жылдын III чейрегинде өткөн жылдын III чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Нарын областы боюнча – 3,5 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,6 пайызга;

Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2019-жылдын III чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча – 101,4 пайыз жана Ош областы боюнча – 100,5 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчалардын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 88,4 пайыз.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 537 611,5 млн сомду түзүү менен 2018-жылдын III чейрегине салыштырганда 25,6 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 246 636,7 млн сом, көбөйүү 46,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын III чейрегинде – 168 563,3 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 24 901,5 млн сомду, көбөйүү 3,5 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 24 068,6 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациалоодон 68 941,8 млн сом, көбөйүү 9,6 пайыз (2018-жылдын III чейрегинде – 62 884,3 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруу үчүн – 38 138,0 млн сомду, көбөйүү 18,7 пайызды ( 2018-жылдын III чейрегинде – 32 139,7 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 43 822,0 млн сом, көбөйүү 26,7 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 34 596,1 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын келип түшүүсү – 38 619,3 млн сом, көбөйүү 20,4 пайыз (2018-жылдын III чейрегинде – 32 076,5 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2019-жылдын III чейрегинде 543 143,9 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 25,7 пайызга көбөйгөн.

2019-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 244 624,8 млн сомду, көбөйүү 45,8 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 167 776,0 млн сомду) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 23 654,0 млн сом, көбөйүү 11,3 пайыз (2018-жылдын III чейрегинде – 21 242,1 млн сом) чегинде катталган;

- банкоматтарды жүктөө – 96 302,9 млн сомду, көбөйүү 13,0 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 85 233,5 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 35 165,1 млн сомду, көбөйүү 16,9 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 30 078,0 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 4 005,2 млн сом, көбөйүү 7,5 пайыз (2018-жылдын III чейрегинде – 3 724,7 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 57 563,5 млн сомду, көбөйүү 12,8 пайызды (2018-жылдын III чейрегинде – 51 047,4 млн сом) түзгөн;

- эмгек акыны төлөө – 955,1 млн сом, азаюу 17,1 пайыз (2018-жылдын III чейрегинде – 1 151,5 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2019-жылдын III чейрегинде клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү **53 648,1 млн сомду түзгөн жана**:

- 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда 3,3 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,2 пайызга көбөйгөн.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны отчеттук чейрек ичинде **2 684 526 төлөмдү түзгөн жана**:

- 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда 2,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5,0 пайызга көбөйгөн.



**6-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында Эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2019-жылдын III чейрегинде **751 447,4 млн сомду түзгөн жана**:

- 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда 3,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде **128 760 төлөм өткөрүлгөн.** Бул көрсөткүч:

- 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда 11,0 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,6 пайызга көбөйгөн.



**7-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**

***2-таблица.***

Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2018-ж. III чейреги | 2 557 643 | 50 058,7 | 113 385 | 735 556,2 | 2 671 028 | 785 614,9 |
| 2018-ж.IV чейреги | 2 259 137 | 57 611,2 | 128 240 | 715 576,6 | 2 387 377 | 773 187,8 |
| 2019-ж. I чейреги | 2 388 352 | 43 323,8 | 102 499 | 672 270,1 | 2 490 851 | 715 593,9 |
| 2019-ж. II чейреги | 2 612 084 | 51 909,8 | 116 039 | 724 065,00 | 2 728 123 | 775 974,8 |
| 2019-ж. III чейреги | 2 684 526 | 53 648,1 | 128 760 | 751 447,40 | 2 813 286 | 805 095,5 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2019-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктын төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунушташкан, алардын ичинен 16 банк эл

аралык төлөм системаларынын, 24 банк «Элкарт» улуттук системасынын эмитенттери жана эквайерлеринен болушкан.

***1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы***

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2019-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 2 820,7 миң картты түзгөн. 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда карттын саны 4,4 пайызга көбөйсө, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттын саны 19,5 пайызга көбөйгөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

- эл аралык системалар — 1 373 218 (48,7%):
  - «Visa» — 824 960 (29,3%);
  - «Master Card» — 44 304 (1,6%);
  - «Золотая Корона» (Россия) — 494 701 (17,5%);
  - «Union Pay International» — 9 253 (0,3%).
- «Элкарт» улуттук системасы — 1 447 443 (51,3%):
  - «Элкарт» — 1 443 450 (51,2%);
  - «Элкарт-UPI» — 3 993 (0,1%).

***<u>3-таблица</u>***

Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүү көрсөткүчтөрү

| **Көрсөткүчтөр** | **2018-ж. III чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2019-ж. III чейреги** | **2019-жылдын III чейрегиндеги өсүш арым (%)** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **2018-ж. III чейреги** | **2019-ж. II чейреги** |
| Эмитирленген төлөм карттарынын саны (миң даана.) | 2 359,8 | 2 702,7 | 2 820,7 | 14,5 | 4,4 |
| 1 миң адамга (эмгекке жарамдуу жана пенсия курагындагы) эмитирленген төлөм карттарынын саны | 570 | 643 | 671 | 12,8 | 4,4 |
| Төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын саны (млн транзакция) | 9,6 | 11,6 | 11,9 | 20,8 | 2,6 |
| Төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 50 099,0 | 56 498,9 | 59 238,0 | 12,8 | 4,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган нак эмес операциялар көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 10,2 | 10,1 | 10,6 | -0,1 | 4,8 |

**8-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**9-график. 2019-ж. 1-октябрына карата облусттар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**



***4-таблица.***

Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны

| **Региондун аталышы** | **Visa** | **MasterCard** | **Золотая Корона** | **Элкарт** | **UPI** | **Элкарт -UPI** | **Жыйынт ыгында** | **Үлүшү (%)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 577 517 | 30 982 | 139 295 | 414 839 | 6 085 | 3 211 | 1 171 929 | 41,5 |
| Чүй областы | 39 654 | 3 197 | 54 158 | 146 035 | 1 398 | 78 | 244 520 | 8,7 |
| Ысык-Көл областы | 36 754 | 2 004 | 42 927 | 121 369 | 390 | 94 | 203 538 | 7,2 |
| Нарын областы | 10 106 | 885 | 32 026 | 89 589 | 0 | 91 | 132 697 | 4,7 |
| Талас областы | 16 982 | 903 | 16 742 | 55 525 | 478 | 37 | 90 667 | 3,2 |
| Жалал-Абад областы | 50 476 | 2 426 | 90 294 | 238 717 | 455 | 143 | 382 511 | 13,6 |
| Ош областы | 75 070 | 2 721 | 87 565 | 271 549 | 360 | 231 | 437 496 | 15,5 |
| Баткен областы | 18 401 | 1 186 | 31 694 | 105 827 | 87 | 108 | 157 303 | 5,6 |
| **Жыйынт ыгында** | **824 960** | **44 304** | **494 701** | **1 443 450** | **9 253** | **3 993** | **2 820 661** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн.

Алсак, 2019-жылдын III чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндө Бишкек шаары боюнча үлүш 57,9 пайызды түзгөн. Талас областы боюнча 3,0 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

**10-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны**




**11-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын динамикасы (млрд. сом)**




2019-жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча депозиттик базанын коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги калдыктарынын көлөмү карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча 24,3 млрд сомду түзгөн. 2019-жылдын II чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 2,48 пайызга төмөндөө байкалса, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 11,51 пайызды түзгөн.

***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***

Отчеттук жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 641 банкоматта жана 10 810 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү

6,1 пайызды же 95 банкоматка көбүрөөктү, ал эми POS-терминалдардыкы 13,1 пайызды же 1 256 POS-терминалга көбүрөөктү түзгөн). Мындай көбөйүү калайык-калкка банктык төлөм карттарды колдонуу жагында шарттарды түзүү максатында, коммерциялык банктар тарабынан аралыкта орнотулган жабдууларды көбөйтүү иш-чараларынын өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу болгон.

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- «Visa» жана «MasterCard» эл аралык системалары боюнча – 631 банкомат жана 5 146 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча– 211 банкомат жана 1 379 POS-терминал;
- «UPI» эл аралык системасы боюнча – 263 банкомат жана 1 250 POS-терминал.

**12-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**13-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**




***5-таблица.***

Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны
*(шт.)*

| **Региондун аталышы** | **Банкоматтар** | **POS-терминалдар** | | **Төлөм терминалдары** |
|---|---|---|---|---|
| | | **Соода тейлөө ишканаларында** | **Банктарда** | |
| Бишкек ш. | 686 | 6407 | 614 | 523 |
| Чүй областы | 144 | 757 | 176 | 178 |
| Ысык-Көл областы | 167 | 544 | 187 | 188 |
| Нарын областы | 69 | 88 | 111 | 76 |
| Талас областы | 58 | 99 | 74 | 95 |
| Жалал-Абад областы | 201 | 324 | 278 | 222 |
| Ош областы | 243 | 570 | 384 | 347 |
| Баткен областы | 73 | 56 | 141 | 126 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 641** | **8 845** | **1 965** | **1 755** |

***3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

Отчеттук жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 59 238,0 млн сом жалпы суммасында 11,9 миллиондон ашык транзакция өткөрүлгөн, II чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 2,6 жана 4,8 пайызга жогорулоо байкалган (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 24,0 жана 18,2 пайызга көбөйүү жүргөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 54 910,5 млн сом жалпы суммасында 9 185,3 миң транзакцияны түзгөн, 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда саны 2,1 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 3,0 пайызга төмөндөгөн (өткөн

жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,6 жана 22,4 пайызга көбөйгөн);

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 4 327,5 млн сом жалпы суммасында 2 758,1 миң транзакцияны түзгөн, жылдын II чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,0 жана 11,1 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 76,3 жана 52,7 пайызга көбөйгөн).

***6-таблица.***

Соода -тейлөө ишканаларында карттар боюнча нак акчага айландыруу жана төлөө операцияларынын саны жана көлөмү

| **Төлөм картынын түрү** | **2019-жылдын II чейреги** | | | | **2019-жылдын III чейрегинде** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Нак акча алуу** | | **Соода -тейлөө ишканаларында төлөө** | | **Нак акча алуу** | | **Соода -тейлөө ишканаларында төлөө** | |
| | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** |
| AMEX | 2319 | 11093,0 | 1095 | 21140,3 | 917 | 4931,9 | 788 | 15372,9 |
| Элкарт | 5031964 | 22737355,8 | 814243 | 489375,1 | 5155022 | 23648466,5 | 930827 | 578343,2 |
| Visa | 2586694 | 24022375,0 | 1652216 | 307642,3 | 2663304 | 25315313,5 | 1664784 | 3360553,9 |
| Элкарт-UPI | 25782 | 88401,4 | 5830 | 7632,9 | 23913 | 86902,9 | 5037 | 9692,4 |
| UPI | 26241 | 203249,2 | 974 | 1878,0 | 24610 | 199831,1 | 760 | 1869,8 |
| MasterCard | 206124 | 1907577,7 | 103892 | 287714,5 | 231300 | 2058989,7 | 135092 | 349809,4 |
| Золотая корона | 1114223 | 3622159,1 | 23475 | 12839,1 | 1082149 | 3566445,5 | 19867 | 11529,8 |
| Мир | 1449 | 10347,6 | 283 | 86,0 | 4095 | 29588,1 | 925 | 313,4 |
| **Жыйынтыгында** | **8994796** | **52602558,9** | **2602008** | **3896308,2** | **9185310** | **54910469,2** | **2758080** | **4327484,8** |

***7-таблица.***

Карт ээлеринин активдүүлүгү боюнча көрсөткүчтөр тууралуу маалымат

| **Операциянын түрү** | **Жүгүртүүдөгү 1 картка операциялардын орточо көлөмү** | | | | | **Жүгүртүүдөгү 1 картка операциялардын орточо саны (бирдик)** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-ж. III чейреги** | **2018-ж. IV чейреги** | **20189-ж. I чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2019-ж. III чейреги** | **2018-ж. III чейреги** | **2018-ж. IV чейреги** | **2019-ж. I чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2018-ж. III чейреги** |
| Нак акчага айландыруу ( миң сом) | 20,0 | 21,9 | 17,7 | 19,5 | 19,5 | 3,4 | 3,7 | 3,2 | 3,3 | 3,3 |
| Соода-тейлөө ишканалары (сом) | 1201,1 | 1267,8 | 1173,2 | 1441,7 | 1534,2 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 1,0 |

## 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушат.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валютанын 14 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү жылдын III чейрегинде 715,6 млрд сомду түзүп, өткөн чейрекке салыштырганда 8,3 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда көбөйүү 27,9 пайызды түзгөн).

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 764,2 млрд сомду түзүү менен мурдагыга салыштырганда 8,6 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 34,9 пайыз чегинде катталган).

## 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. Жылдын III чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 42,2 млрд сом жалпы суммасында 2 781,1 миң транзакцияны түзүп, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,0 жана 10,5 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 24,1 пайызга көбөйсө, көлөмү 13,1 пайызга азайган).

Чыккан которуулардын саны 11,7 млрд сом жалпы суммасында 218,4 миң транзакцияны түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда саны 2,8 пайызга азайса, көлөмү 4,4 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 18,4 пайызга көбөйсө, көлөмү 7,7 пайызга азайган).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүндө 33,4 пайыз жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүндө 58,3 пайыз туура келген.

**14-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде облустар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**15-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде облустар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




Өлкөнүн коммерциялык банктары берген отчетторго ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптар сакталууда.

Эл аралык акча которуу системаларынын жалпы санынын ичинен төртөө коммерциялык банктар менен камсыздандыруу депозитин берүү менен гана, ал эми бир система камсыздоо төлөмүн сунуштоо аркылуу, калгандары камсыздоонун эки түрүн тең колдонуу менен иш алып барышат.

Отчеттук чейрек ичинде валютанын беш түрү боюнча эл аралык акча которуулар жүргүзүлгөн.

### *1) АКШ долларында акча которуулар*

2019-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 192,7 млн АКШ доллары суммасында 397,5 миңди түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,1 жана 16,7 пайызга көбөйүү байкалган (өткөн жылдын

тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 46,0 жана 0,5 пайызга көбөйгөн). Чыккан которуулардын саны 95,9 млн АКШ доллары суммасында 99,4 миң төлөмдү түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 4,2 жана 9,0 пайызга көбөйүү байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда саны 17,3 пайызга көбөйсө, көлөмү 2,0 пайызга азайган).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 5,6 млн евро жалпы суммасында 13,5 миң кирген которуулар ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырмалуу көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 10,9 жана 17,0 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 39,2 жана 31,8 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 4,9 млн евро жалпы суммасында 3,5 миң транзакцияны түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 10,3 жана 8,2 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 52,9 жана 36,5 пайызга көбөйгөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 30 793,0 млн рубль суммасында 2 369,5 миң кирген которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 5,9 жана 10,0 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 25,1 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 17,2 пайызга азайган). Мындан тышкары, 4 276,4 млн рубль суммасында 114,9 миң транзакцияда чыккан которуулар ишке ашырылган, которуулардын саны өткөн чейрекке салыштырмалуу 7,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми көлөмү 0,2 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 27,5 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 14,1 пайызга азайган).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

2019-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча 36,1 млн теңге суммасында 0,5 миң кирген которуулар ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 27,8 жана 26,5 пайызга төмөндөө байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 36,3 жана 42,3 пайызды түзгөн). Чыккан которуулар 32,6 млн теңге суммасында 0,3 миң төлөмдү түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, которуулардын саны 12,2 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 16,3 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,1 жана 36,6 пайызга төмөндөө байкалган).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 6,2 млн сом суммасында 0,3 миң чыккан которуулар ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 73,6 жана 70,5 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 95,6 жана 98,1 пайызга төмөндөө байкалган).

Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелердин 1.2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында акча которуулардын эл аралык системасы боюнча акча которуу которулган валютада/жөнөтүүчү тарабынан көрсөтүлгөн, жана Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынан айырмаланган төлөөлөр алуучуга берилет.

***8-таблица.***
Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар

| **Акча которуу системалары** | | **2018-ж. III чейреги** | | **2019-ж. II чейреги** | | **2019-ж. III чейреги** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* |
| Western Union | Кирген | 103,8 | 2 704,2 | 117,0 | 2 748,1 | 189,6 | 3 750,6 |
| | Чыккан | 10,1 | 575,4 | 10,7 | 550,8 | 9,5 | 486,5 |
| Contact | Кирген | 137,2 | 2 947,4 | 60,7 | 2 018,1 | 69,8 | 2 194,1 |
| | Чыккан | 8,0 | 270,9 | 19,1 | 627,6 | 22,0 | 780,5 |
| Money Gram | Кирген | 20,2 | 844,4 | 21,6 | 838,0 | 21,3 | 890,9 |
| | Чыккан | 1,6 | 87,6 | 1,6 | 100,0 | 1,6 | 111,7 |
| Юнистрим | Кирген | 250,3 | 7 340,2 | 189,0 | 4 106,3 | 166,2 | 3 406,0 |
| | Чыккан | 5,2 | 650,2 | 4,7 | 549,7 | 4,3 | 522,1 |
| БЛИЗКО | Кирген | 0,4 | 16,6 | 0,4 | 16,1 | 0,2 | 7,3 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| FASTER | Кирген | 0,9 | 14,7 | 0,9 | 13,2 | 0,6 | 9,2 |
| | Чыккан | 0,4 | 10,0 | 0,3 | 7,1 | 0,3 | 5,9 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 725,6 | 40 287,2 | 2 232,5 | 32 873,4 | 2 329,9 | 36 815,0 |
| | Чыккан | 158,4 | 11 050,0 | 188,2 | 9 367,9 | 180,7 | 9 790,3 |
| RIA | Кирген | 1,5 | 52,7 | 2,8 | 90,3 | 3,5 | 112,4 |
| | Чыккан | 0,0 | 1,6 | 0,1 | 2,6 | 0,1 | 3,2 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 239,9** | **54 207,3** | **2 624,8** | **42 703,4** | **2 781,1** | **47 185,5** |
| | **Чыккан** | **183,7** | **12 645,7** | **224,7** | **11 206,1** | **218,4** | **11 700,2** |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2019-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

2019-жылдын III чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 7,7 млрд сом жалпы суммасында 41,1 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,6 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 47,8 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн саны 36,1 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 88,0 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына келтирилген төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 724,2 млн сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 9,4 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,6 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,0 пайызы).

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 358,1 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 4,6 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоонун саны 411,7 миң транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 1 пайыз).

***9-таблица***

Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** *(бирдик)* | **Үлүшү** *(%)* | **Көлөмү,** *(миң сом)* | **Үлүшү** *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 36 182 022 | 88,01 | 3 664 563,1 | 47,86 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 50 749 | 0,12 | 10 816,5 | 0,14 |
| 3 | Интернет | 349 014 | 0,85 | 295 879,3 | 3,86 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 318 727 | 3,21 | 485 005,5 | 6,33 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 19 340 | 0,05 | 21 146,8 | 0,28 |
| 6 | Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр | 20 985 | 0,05 | 21 387,0 | 0,28 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 294 808 | 0,72 | 196 740,3 | 2,57 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 146 363 | 0,36 | 523 321,7 | 6,84 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 177 759 | 0,43 | 582 788,9 | 7,61 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 80 555 | 0,20 | 210 026,2 | 2,74 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 411 700 | 1,00 | 358 178,7 | 4,68 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 83 797 | 0,20 | 130 617,6 | 1,71 |
| 13 | Социалдык тармактар | 16 526 | 0,04 | 3 994,4 | 0,05 |
| 14 | Интернет-оюндар | 76 707 | 0,19 | 50 688,7 | 0,66 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 438 461 | 1,07 | 442 794,7 | 5,78 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 958 854 | 2,33 | 90 659,0 | 1,18 |
| 17 | Букмекердик чендер | - | - | - | - |
| 18 | Жарнак кызматтары | 1 889 | 0,00 | 633,7 | 0,01 |
| 19 | Жарыялар | 5 889 | 0,01 | 2 700,4 | 0,04 |
| 20 | Кайрымдуулук | 507 | 0,00 | 72,9 | 0,00 |
| 21 | Билим | 1 330 | 0,00 | 2 148,6 | 0,03 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 97 | 0,00 | 1 853,8 | 0,02 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | - | - | - | - |
| 24 | Башка төлөмдөр | 473 282 | 1,15 | 560 376,2 | 7,32 |
| | **2019-жылдын III чейрегинин жыйынтыгында** | **41 109 361** | 100,00 | **7 656 394,2** | 100,00 |

16-график. Төлөмдөрдүн саны, %




17-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %



Төлөм уюмдарынын иши өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2019-жылдын III чейрегинин акырына карата төлөм уюмдарынын өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалдарынын саны 7,2 миң бирдикти, төлөм уюмдарынын POS-терминалдарынын саны – 91 бирдикти, төлөм системаларынын катышуучуларынын саны – 18,9 миң бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

### 2.7. Электрондук акча

Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 2019-жылдын III чейрегинин акырына карата электрондук акчанын колдонулушу жеңил жана ыңгайлуу болгондуктан, анын көрсөткүчтөрүнүн өсүшү байкалган. Электрондук акчанын эмитенти болуп он коммерциялык банк саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он бир система иш алып барууда.

**18-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (миң бирдик)**




2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 2019-жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 1,6 млн капчыктан көбүрөөктү түзүп, 1,5 эсе көбөйгөн.

Өткөн жылдын III чейрегине салыштырмалуу отчеттук мезгил ичинде электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү болжолу менен 2,7 эсе көбөйүп, 5,5 млрд сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 2,7 млн операцияны түзүү менен 1,2 пайызга көбөйгөн.

**19-график. Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү**




2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу отчеттук мезгил ичинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 1,5 эсе көбөйүп, 1,6 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 0,15 пайызга азайып, 4,2 млн операцияны түзгөн.

2019-жылдын III чейрегинде электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарды которуу көлөмү өткөн жылдын III чейрегине салыштырмалуу 1,5 эсе көбөйүп, 1,3 млрд сомду түзгөн, акча каражаттарды которуунун саны 0,2 млн операцияны түзүү менен 14 пайызга көбөйгөн.

### 2.8. Банктык чекене агенттер

Агенттердин ишке тартылышы коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2019-жылдын III чейреги ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүчө калыптанган:

- 32 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, 2019-жылдын II чейрегине салыштырмалуу 2 агентке же 6,7 пайызга көбөйгөн;

- 208 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, 2019-жылдын II чейрегине салыштырмалуу 21 агентке же 9,17 пайызга төмөндөгөн.

**3. Методологиялык иш**

2019-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын токтому менен төмөнкү ченемдик укуктук актылар бекитилген:

- 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобо;
- 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-2(ПС) «Төлөм системасындагы штаттан тышкаркы жагдайлар жөнүндө» жобо;
- 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-3(ПС) «Төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү жана андагы тобокелдиктерди тескөө боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;
- Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-4-(НПА) токтомунун редакциясында «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/10 «Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- 2019-жылдын 30-сентябрындагы №2019-П-14/50-2(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобо;
- Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 18-сентябрындагы № 2019-П-14/48-4-(ПС) токтомунун редакциясында «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;
- Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-4-(ПС) токтомунун редакциясында «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы №15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14-50-3-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобо.

Коомдук талкуулоо өткөрүү максатында Улуттук банктын расмий интернет-сайтындагы «Улуттук банктын ченемдик актылары»/«Талкуулоо үчүн долбоорлор» бөлүгүндө ченемдик укуктук актылардын төмөнкү долбоорлору жайгаштырылган:

- «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 22/3 «Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
- Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелери.